*Хасанова Д.*

# САЯСИЙ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК УКУКТАРДЫН БАЙЛАНЫШЫ

*Хасанова Д.*

# СВЯЗЬ ПОЛИТИЧЕСКИХ И ЭКОНОМИЧЕСКИХ ПРАВ

*D. Khasanova*

# THE RELATIONSHIP OF POLITICAL AND ECONOMIC RIGHTS

*УДК: 330.33: 341.34*

*Макалада жарандарга экономикалык жана саясий эркиндиктерди жана укуктарды берүү өлкөнүн экономикалык абалын жакшыртуу үчүн жасалган олуттуу кадам болуп саналаары жазылган, анткени ал жарандарга чыгармачылык жөндөмүн жана болгон дараметин экономиканын өнүгүшү үчүн жумшоого мүмкүнчүлүк берет. Айрым адамдар экономикалык абалдын жакшырышы менен адамдардын саясий укуктары анча маанилүү болбой калат деп эсептешет. Макаланы максаты мунун туура эмес экенин көрсөтүү. Саясий укуктар, негизинен, биз менен биздин лидерлерибиздин ортосундагы мамилелерибизге тиешелүү укуктар системасы болуп саналат. Биз бир катар суроолорду берүү менен, бул кайсы укуктар экендигин жана аларга биз канчалык деңгээлде ээ боло аларыбызды түшүнө алабыз.*

***Негизги сөздөр:*** *жарандар, укук, саясий укуктары, сатуу укугу, пайдалануу укугу, тандоо укугу, экономика.*

*В статье написано, что предоставление гражданам экономических и политических свобод и прав является серьезным шагом, предпринятым для улучшения экономического положения страны, поскольку позволяет гражданам использовать свои творческие способности и имеющийся потенциал для развития экономики. Некоторые люди считают, что с улучшением экономической ситуации политические права людей становятся менее важными. Цель статьи показать, что это неверно. Политические права являются, в основном, системой прав, относящихся к нашим отношениям между нами и нашими лидерами. Задавая ряд вопросов, мы понимаем, какие это права, и насколько мы обладаем ими.*

***Ключевые слова:*** *граждане, право, политические права, право на торговлю, право на использование, право выбора, экономика.*

*The article says that granting citizens economic and political freedoms and rights is a serious step taken to improve the economic situation of the country, as it allows citizens to use their creativity and the existing potential for economic development. Some people believe that as the economic situation improves, people's political rights become less important. The purpose of the article is to show that this is not true. Political rights are basically a system of rights pertaining to our relationship between ourselves and our leaders. Asking a number of questions, we understand what these rights are, and how much we have them.*

***Ключевые слова:*** *граждане, право, политические права, право на торговлю, право на использование, право выбора, экономика.*

Саясий жана жарандык укуктар өз ара тыгыз байланышкан, андыктан биз жарандык укуктарды чагылдырган укуктарды да кошдук. Өкмөт жарандардын турмушуна зор таасир көрсөтө алат. Борбордук Американын кыштактарында болуп өткөн төмөндөгү эки окуяны окуп, эгерде адамдардын экономикалык укуктары бар, бирок саясий укуктары жок болсо, эмне болушу мүмкүн экендигин ойлонуп көргүлө. Саясий жана экономикалык укуктар менен эркиндиктер бири-бири менен өтө тыгыз байланыштуу, анткени жарандардын саясий укуктары болбосо, өкмөт алардын менчикке болгон укугун оңой эле сакташы мүмкүн.

Эгерде мамлекет жарандарды салык төлөөгө милдеттендирсе же алардын мүлкүн тартып алса, же жарандардын макулдугусуз аларга пайдалануу укугуна чек койсо, анда аларды эркин деп атоого болбойт. Өкмөт мындай аракеттер жалпы жыргалчылык үчүн жасалды деп билдирген кырдаал алгылыксыз. Айрым өлкөлөрдө өкмөт кимдир бирөөнүн мүлкүн жалпы пайда үчүн алып коюуга ниеттенгенде, ал демейде бул мүлкүн наркын компенсациялайт. Бирок компенсациянын өлчөмү талаш болушу да мүмкүн.

Экономикалык укуктарга төмөнкүлөр кирет:

1. Мүлктүн бардык түрлөрүн сатып алуу, ээлөө жана сатуу укугу.
2. Продукцияны өндүрүү, пайдалануу, сатып алуу жана сатуу укугу.
3. Тейлөө кызматтарын сатып алуу, сатуу жана пайдалануу укугу.
4. Өзүнө жумуш тандоо укугу.
5. Өз жумуш ордун өзгөртүү укугу.
6. Профсоюздарга жана профсоюздук бирикмелерге кирүү укугу.
7. Өз бизнесин түзүү укугу.
8. Контракт түзүү укугу.

Демократиялык өлкөлөрдө ал турсун өз мүлкүн пайдалануу укугуна өкмөт чек койгон кезде жарандар макулдугун бербесе да, аларды эркин деп айтууга болот. Анткени алар шайлоодо өкмөткө каршы добуш

берүү менен өздөрүнүн саясий укуктарын пайдаланып, эгерде жарандардын жетиштүү саны ушундай пикирде болсо, аны алмаштыра алат. Бул экономикалык, ошондой эле саясий укуктардыда берүүнүн зарылдыгы жөнүндө айтып турат. Жарандардын толук саясий укуктары жана аларды пайдалануу үчүн мүмкүнчүлүктөрү бар болсо, алар өздөрү жашаган өлкөдөгү экономикалык саясатты аныктап, экономиканын күч-кубаттуулугуна таасир эте алышы мүмкүн. Өз жарандарына абдан көп экономикалык жана саясий укуктарды берген өлкөлөр эмне үчүн эң бай болору ушуну менен түшүндүрүлөт. Ошол эле мамлекеттер көпчүлүк учурларда коррупцияга өтө аз чалдыгат. Айрым өлкөлөр, мисалы, Сингапур жана гонконг провинциясы бай болгонуна карабастан, өз жарандарына саясий бийликти көп бербегендиги жагынан алганда анчейин демократиялуу эмес. Бирок алар кеңири экономикалык укуктарды берген, ошол эле учурда жарандардын башка юридикалык укуктары да жакшы корголгон.

Айрым өлкөлөр экономикалык укуктарга караганда саясий укуктарды тезирээк киргизүүгө же анын тескерисинче кылууга аракеттенишет. Кайрадан шайланган чиновниктер жаңы мыйзамдар менен экономикалык эркиндикти жайылта алышы үчүн адегенде шайлоо өткөрүлүшү зарыл болсо да, акыры келип экономиканы өзгөртөт. Бирок бул структура корголууга муктаж. Мындай коргоону жүзөгө ашыруунун кыйла натыйжалуу ыкмасы – аларга шайлап алган лидерлерди отчет берип турушу үчүн жана зарыл болгондо аларды алмаштырып туруу үчүн адамдарга саясий укуктарды берет. Эгемендүүлүккө жакында ээ болгон мамлекеттердин жашоочуларынан демократия, эркин рынак жана менчиктештирүү жөнүндө пикирин сураганда алардын көпчүлүгү болуп жаткандардан көңүлү калгандыгын айтышат. Көп учурларда алар туруктуу саясий укуктары бар капитализмге негизделген экономика кандай экендигин билбей, дендароо абалда калышат. Алар капитазизмдин жана эркин рыноктун ийгиликтери жөнүндө, балким, айрым экономикалык укуктар бар, бирок саясий укуктар өтө чектелген өз өлкөлөрүндөгү тажрыйбага таянуу өңдөнгөн бир гана саясий укуктун берилиши менен өлкө демократиялуу болуп кетпейт. Демократия эч кынтыксыз система эмес, бирок бул, кыязы, адамдардын атаандашкан кызыкчылыктарын эң жакшы түрдө теңдөөчү бирден бир система. Адамдарга бардык экономикалык жана саясий укуктарды берүү жана алардын натыйжалуу пайдаланышына жетишүү үйрөнүүгө окшош: буларды иш жүзүндө гана үйрөнүүгө мүмкүн. Ошондуктан бул укуктардын натыйжалуу иштешине жетишүүдө жарандар үчүн бир гана ыкма бар: бул-айыл өкмөтүнөн тартып президенттин аппаратына чейинки бардык деңгээлдерде өз укуктарын сөсуз пайдалануу жолу. Демократиялык мамлекетте же адамдардын көпчүлүгү билимсиз болгон өлкөдө жарандарга толук саясий укуктарды берүү баш аламандыкка жана туруксуздукка гана алып келет дешет. Аскерлер жана башка таасирдүү топтор бийликти демократиялык жол менен шайланган өкмөттөрдөн тартып алган өлкөлөр бар. Бул топтор көбүнчө шайланган саясатчылар коррупцияга баткан жана өз добуштарын сатып алган деп өз аракеттерин акташат. Чынында эле мындай нерселер кээде болот.Чындыгында көптөгөн адамдар биринчи кезекте дал ушул саясий укуктардын жетишсиздиги ушундай абалга алып келди деп талашышы мүмкүн. Себеби эл саясий укуктарга толук ээ болсо, анда мыйзамдар бекем сакталышын талап кыла алат эмеспи. Мындай абалда саясатчылардын коррупцияга батуу мүмкүнчүлүгү аз болот, анткени алар кармалып, жазага тартыларын билишет. Ошентип, саясий укуктарды берүү туруксуздукка, экономиканы начар башкарууга жана коррупцияга алып келиши мүмкүн, бирок адамдардык саясий укуктары жок кезде да ушундай болушу ыктымал, анткени мында өкмөттү өз аракеттери үчүн жооп берүүгө мажбурлоо мүмкүн эмес. Экономикалык өсүш саясий жана экономикалык укуктар менен тыгыз байланышта. Жашоого мүмкүнчүлүк түзүп, адамдарды канааттандырган нерселер - бул адамдын иш-аракеттеринин өнүмү. Жакшы товарлар дайыма оңой сатылат, анткени сатып алуучулар алардын бар экенин келерин билишет. Экономикалык жана саясий өсүш тер төккөн эмгектин жана адамдар чындыгында эмнени каалай тургандыгын туура баалоонун натыйжасы болуп саналат. Биз экономикалык жана саясий өсүштү өзүбүздүн жашоо деңгээлибизди өлчөө аркылуу ченей алабыз. Өндүрүштүн жана кирешенин негизги булактары жумушчулардын чеберчилигинин жогорулашына жакшы жабдуулардын болушуна, технологиялык өркүндөтүүлөргө жана ишти мыкты уюштурууга жараша болот. Эгер мунун баары өркүндөтүлбөсө, экономика мурдагы деңгээлинде калышы же анын көрсөткүчтөрү төмөндөп кетиши мүмкүн.

Акыркы он жылдарда көп мамлекеттерде экономикалык жана социалдык процесстердин борбордоштулоо байкалууда. Бул процесстерди жөнгө салуу кызмат милдеттери борборлоштурулган башкаруу системасынан жергиликтүү башкаруу системасына өттүүдө. Ошондуктан, жергиликтүү саясий экономикалык байланышты сезүүгө бөлөт. Демократиялык мамлекеттик түзүлүштүн милдеттүү компоненти жергиликтүү өзүн-өзү байкаруу, анын башкы мааниси төмөндөгүдө, жергиликтүү калк өздөрү эркин шайлап алган өкүлчүлүк органдары аркылы башкаруу иштерин өздөрү иш жүзүнө ашырат. Жергиликтүү өкүлчүлүк жана аткаруу органдары жүктөгөн кызмат милдеттерин аткаруу үчүн, алар мүлктүк жана финансы-

бюджеттик экономикалык бир катар укуктарга ээ болушат. Демократиянын шартында мамлекеттик финансы экономикалык системасын негизги маанилүү бөлүү болуп жергиликтүү экономикалык укук эсептелинет, алар калктын муктаждыгын канааттандырууда колдонулуучу чарбалык субьектилердин финансыларын камтыйт. Адамдардын негизги укуктары сактала турган саясий системаларды иштеп чыгууда адамдар коомду ал прогрессивдүү болгондой жана анда байлыктар жарандарга калыс бөлүштүрүлгөндөй кылып уюштурууга аракеттенишет. Бирок экономиканын бөлүштүрүлүшү дайыма талаш маселе болгондуктан, адамдарга сөсүз түрдө укук кереке. Мыйзамдар жана укуктар белгилүү бир иш-аракеттерге уруксат берип, башкаларына тыюу салат. Жарандар укуктар жана мыйзамдардын бүтүндөй системасын сакташы үчүн ал бардык адамдарга бирдей колдонулушу керек. Биз буга мыйзам талаптары жеке жарандардын талаптарынан жогорку турганда, б.а жеке адам эмес, мыйзам башкарганда гана жетише алабыз. Бул идея «мыйзам үстөмдүгү» деген түшүнүк менен берилет. Мыйзам үстөмдүгү коомдогу абалына, улутуна же башка бир себептерге карап жеке адамдарда өзгөчө артыкчылыктардын берилишине жол койбойт. Ал ошондой эле мыйзамдардын бардыгы легитимдүү болушун, башкача айтканда, мурдагы мыйзамдарда белгиленген тартип боюнча иштелип чыгышын талап кылат. Мамлекеттеги адам укуктары жана негизги эркиндиктер мыйзам үстөмдүгүсүз жашай албайт. Мыйзам үстөмдүгүсүз атүгүл мамлекеттин өзүнүн жашоосу коркунучта калат, анткени өлкөдө тез эле анархия болуп кетиши мүмкүн.

**Адабияттар:**


1. Матузов Н.И. и др. Мамлекет жана укук теориясы. Окуу китеби. - Бишкек, 2010.
2. Жолдошев Т.Т. и др. Эл аралык укук. Кошумча окуу китеби. - Ош, 2013.
3. Асанов Т.К. Социально-экономическое прогнозирование. УП. - Ош, 2001.
4. Василик М.А. Основы социологии и политологии. УП. - Москва, 2004.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Сулайманова Б.К.**